[redacted]

Ж.Ашымов атындагы №20 Арал жалпы орто билим берүү мектебинде 2022-жылдын 22-сентябрында педжааттын,коомчулук жана «Жаш тилек» ӨӨБУнун призиденти менен бирдикте отурум болуп өттү.

Баардыгы :40,катышканы – 36

Каралуучу маселер :

1.Мектеп ичиндеги укук бузуу жана кылмыштуу,зордук-зомбулукту алдын алуу боюнча кеңеш түзүү.

2.Алдын алуу боюнча аткарылуучу иш чараларды талкууга алуу.

Угулду: Мектеп директорунун милдетин аткаруучу Джаналиева.Э. төмөнкүлөргө токтолду: Урматуу бүгүнкү отурумдун катышуулары,жылдагыдай эле «Укук бузуу,кылмыштуулукту жана ырайымсыз мамиле,зордук зомбулукту» алдын алуу боюнча мектеп, ата-эне,коомчулук бирдикте иш алып барабыз. Ошондуктан алдын алуу кеңеши төмөнкүдөй курамда түзүлдү.

1.ДЖаналиева Э.Э. мектеп деректорунунм.а.

2.Сенербекова.Э.профком

3.Мокешова .А. тарбия ишинин уюштуруучусу

4.Базаркулова.Г соцпедагог

5.Асанов Б.К ата-энелер комитети

6.Эгенов Ж.Ж айыл башчы

7.Исаева С.У ҮДТ башкы врачы

8.Капаров.Э ИДН дин кызматкери

9.Маданбеков Н.К балдар уюму

10.Султанбаева.Р. кыздар уюму

11.Мырзабекова А. ӨӨБУ президенти

«Алдын алуу кеңешинин» планы түзүлүп 6 тараптуу келишимдин негизинде кол коюлуп бекитилди. Ошол пландын негизинде жыл бою иш чаралар өткөрүлүп турат. Мектепте одоно тартип бузган деле окуучулар жок,бирок алдын алуу иш чараларын тынымсыз өткөрүп,көзөмөлдөп туршубуз керек. Ар бир класс жетекчи алдын алуу боюнча ар кандай темадагы иш чаралардын планын түзүп,ошол пландардын негизинде соцпедагог,ата-эне,коомчулук,ИДН менен бирдикте иш чараларды жүргүзүп тургула. Ырайымсыз мамиле,зордук зомбулук боюнча өз алдынча пландарды иштеп чыгыныздар. Класстагы ата-энелер чогулушу убагы менен өткөрүп,байланышты күчөтүнүздөр,ушундай иш чаралар убагында так өткөрүлгөнгө гана алдын алуу иш чаралары алдыга жылат. Каралып жаткан маселе боюнча тарбия ишинин уюштуруучусу Мокешова.А төмөнкүлөргө токтолду:Класс жетекчилер ата-эне менен байланыш дептер уюштуруп,ар бир ата-эненин ой пикирлерин жазып ,кол койдуруп турунуздар. 10 багыт боюнча иш чараларды жүргүзүнүздөр. Соцпедагог Базаркулова.Г.класс жетекчилер ырайымсыз мамиле,зордук зомбулук боюнча өз алдын папка

Сканировано с CamScanner

ачып,ошол папкага аткарган иш чаралдарыныздарды топтонуздар, ата-энелерден өзүнчо,окуучулардан өзүнчө анкеталарды алыныздар. Ырайымсыз мамиле жана зордук зомбулук боюнча айына эки жолудан ФАПтын кызматкерлери менен бирдикте ар бир классты текшерүүдөн өткөрүп турабыз,бул алдын алуу үчүн аткарылуучу иш чара болуп эсептетел. Ата-энелер комитети Асанов Б: Урматуу ата-энелер! Ар бирибиз өз балдарыбызга үйдөн көзөмөлдү катуураак жасасак эле балдар тартиптүү болот. Мектептеги мугалимдер менен тыгыз байланышта болсок,арк андай класстык саат,тегерк столдорго келип катышып,өз ой пикирлерибизди ортого салып туралы. Жогрудагы мугалимдердин айтып өткөндөрүн убагы менен аткаралы . ошондо гана алдын алуу иш чараларына жардам берген болобуз.

Жогорудагы айтылан иш чараларды угуп жана талкуулап «Алдын алуу»кеңешинин мүчөлөрү чечим кылат.

Чечим:

1. «Алдын алуу кеңешинин»курамы 11-адамдан түзүлсүн.
2. «Алдын алуу» боюнча тарбиялык иштерди убагында өткөзүп туру класс жетекчилерге милдетендирилсин .
3. Ата-эне,коомчулук менен тыгыз байланышта болу класс жетекчилерге,көзөмөл кылуу соцпедагог Базаркуловага жана тарбия ишинин уштуруучусу Мокешовага милдетендирилсин.
4. «Ишеним кутучасын »жума сайын ачып ичиндеги иш чаралардын жыйынтыгын чыгарып туру соцпедагогко,тирбия ишинин уюштуручусуна милдетендирилсин

Соцпедагог: Базаркулова.Г.

Сканировано с CamScanner

# Пртотокол №5

Ж.Ашымов атындагы №20 Арал жалпы орто билим берүү мектебинде 2022-2023-окуу жылдын 1-февралында ата-энелер чогулушу болуп өттү..

Катышуучулар 122

Ата-энелер

Түп РЭСӨБ ҮБКБүн башчысы Р.М.Кувандыков

Түп РЭСӨБ ҮБКБун соц кызматкери Э.К.Тюлеев

Түп РЭСӨБ соц кызматкери Э.Эсенбаева

ЖӨНнин инспектору Капаров.Э

Соцпедагог Базаркулова.Г

Класс жетекчилер Капарова.А

Сенербекова.Э

Нурум кызы Элзада

Орозобекова.Н

Каралуучу маселелер

1. Өспүрүмдөр арасында зордук зомубулкту алдын алуу.
2. Өспүрүмдөр арасында суициддин алдын алуу. «Кровавая мгла», «Синий кит»,»Разбуди меня» ж.б. оюндары боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.
3. Адамдын ден соолугуна зыян келтирүүчү заттар жөнүндө түшүнүк берүү

Угулду: Биринчи маселе боюнча Түп РЭСӨБ ҮБКБүн башчысы Р.М.Кувандыков төмөндөгүлөргө токтолду.

Зомбулук- бул адамдын эркин чектөө,анын үстүндө бийликке ээ болуу жана башкаруу максатында көздөгөн системалык түрдө кайталанып туруучу адам эркине каршы физикалык,психикалык,эмоционалдык жана сексуалдык формаларга бөлүнөт.

Окуучулар арасында зордук зомбулук көп катталгандыгына байланыштуу профилактикалык иш жүргүзүүдөбүз.

Мектептеги зомбулук жана рекетчилик өлкөдөгү жаштар арасында зомбулуктун санынын өсүшүнүн бирден бир себеби,мунун натыйжасында окуучулар арасында өз өмүрүн кыйган учурлар катталууда.

Азыркы учурда окуучулар убакытты туура бөлүштүрбөй терс нерселерге кетиргени капалантууда, ошондуктан айтып кетээрим окуучулардын негизги максаты бул сабакты

Сканировано с CamScanner

жакшы окуу болуп эсептелет. Сабакты жакшы окуп, тартип бузбай,мугалимдердин айтканын угуп,кечкисин себепсиз көчөгө чыкпагыла.

. Жаш өспүрүмдөр менен иштешкен укук коргоо кызматкерлери тарбынан кечкисин рейддер жүрүп жатат. Окуучулар силерге кимдир бирөө тарабынан үстөмдүк көрсөтүлсө дароо мектептин соцпеадогогуна же класс жетекчиге билдиргиле же болбосо ишеним телефону “111” чалгыла.

Түп РЭСӨБ ҮБКБун соц кызматкери Э.К.Тюлеев төмөнкүлөргө токтолду ар бир ата-эне өз баласын көзөмөлгө алыш керек,кайдыгерлик кылбай мектеп менен биргеликте чогуу иш алып баралы. Зордук зомбулук боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жана мектепке телефон алып келбөө жөнүндө ата-энелер балдарынарга көзөмөл кылгыла. Окуучу балдар кечкисин саат 8 ден кийин көчөгө чыкпаш керек . Мен сиздерге сунушум баланы түнкүсүн чыгарбагыла, “Тик ток”, “Инстаграмм”сайттарына кирүүгө тыюу салсаныздар.Андан сырткары мугалимдерге сунушум зордук зомбулук боюнча видео роликтер көргөзүлүшү керек.

Угулду : Экинчи маселе боюнча ЖӨНнин инспектору Капаров.Э төмөнкүлөргө токтолду.

Айрым жерлерде балдардын суцидге баруусу болууда. Кичине бир нерсеге таарынып өзүнө өзү кол салуусу катталган учурлар бар. Кээбир учурда үй бүлөлүк зомбулукка учураган балдар суицидге барган учурлар болгон. Ошондуктан эмоцияга алдырбай,өзүн-өзү токтотуп, өзүнө жаккан иш менен алек болууга чакырабыз. Өспүрүмдөр арасында суициддин алдын алуу. «Кровавая мгла», «Синий кит»,»Разбуди меня» ж.б. оюндары боюнча баса белгилеп ,ушул оюндардын курмандыгы болбош керектиги боюнча түшүнүк берди.

Чечим

1.Окуучулар арасында зомбулукту болтурбоо максатында класс жетекчи,соцпедогог жана мектеп администрациясына милдеттендирилсин.

2. Өспүрүмдөр арасында суициддин алдын алуу. «Кровавая мгла», «Синий кит»,»Разбуди меня» ж.б. оюндары боюнча жана зордук зомбулуктун алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштерин класстык саатарды өтүү жагы класс жетекчилерге үйдөн көзөмөл кылуу ар бир ата-энеге милдеттендирилсин.

3.Уюлдук байланыш каражаттарын окуучулар чектелүү түрүндө колдонуу жагы ата – энелерге класс жетекчилерге милдеттендирилсин

Директор: К.Б.Жээнбаев

Соцпедагог: Базаркулова.Г

Сканировано с CamScanner

## Протокол №2

**Ж.Ашымов атындагы №20 Арал жалпы орто билим берүү мектебинде 2022-жылдын 17-октябрда мектептин 8-9-10-11- класстын балдар арасында "Өспүрүмдөр арасындакылмыштуулукту алдын алуу "боюнча өтүлгөн чогулуштун протоколу.**

Мекетеп директору: Жээнбаев К.Б.

ИДН- кызматкери: Капаров .Э.

Тарбия иштеринин уюштуруучусу: Мокешова.А

Соцпедагог: Базаркулова.Г

Балдар уюму: Маданбеков.Н.

Каралуучу маселе:

1."Өпүрүмдөр арасында ырайымсыз мамилени жана кылмыштуулутуалдын алуу "боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.

2. Учурдагы иштер.

Угулду: Мектептин директору Жээнбаев.К .төмөнкүлөргө токтолду.Жыл башында мектепте балдар уюмунун плпаны түзүлгөн.Ар бир эркеке бала микро участоко бөлүнгөн. Ушуну менен катар эле балдар уюмунун чогулуштары өтүлүп протоколдор жазылат.Мектепте одоно тартип бузган окуучу жок. Соцпедагог жана класс жетекчилер тарабынан ата-энелер көзөмөл жүргүзүп,тыгыз байланышта болуп турат.

Кийинки сөз ИДНдин кызматкериКапаров.Э төмөнкүлөргө токтолду.

Азыркы учурда "Ырайымсыз мамиле жана зордук зомбулуксуз" тарбиялоо учурдун талабы болуп жатат. Өспүрүмдөр арасында кылмыштуулук күч алып интернет булактарына чейин чыгып жатканы баарыбызга белгилүү.Эгерде силер кандай бир кылмышка себепкер болсонор компьютерге тизменер түшүп калса өзүнөргө жана бир туугандарынарга залакасы тийип калат. Анткени силер мектепти бүткөндөн кийин жогорку окуу жайларга өтүп, келечекте бир кесипке ээ болосунар .

Балдар ИДН тарабынан рейддер жүргүзүлөт.Рейд учурунда милиция кызматкерлерине илинип калбагыла.Эч кандай отуруш уюштурбагыла азыркы мыйзам боюнча ар бир кылмышка штрафтар төлөнөт.

Сканировано с CamScanner

Кийинки сөз  мектептин соцпедагогу Базаркулова Гүлбара төмөнкүлөргө токтолду.Мектепте одоно тартип бузуулар жок .Мугалимдер, ата-энелер көзөмөлгө алынган. Мектепте  эч кандай отуруш, акча чогултуу болбойт.

Балдар уюмунун жеиекчиси Маданбеков Нурбек төмөнкүлөргө токтолду.Мектепте балдар уюму түзүлгөн.Планга ылайык иш чаралар өтүлүп турат.Окуучулар менен чогулуштар өтүлүп турат.Азырынча балдардын жүрүм турумдары жакшы.Ата-энелер менен тыгыз байланышта иштеп жатабыз.

Жогорудагы угулуп жана талкуулап келип чогулуштун мүчөөлөрү төмөндөгүдөй чечим кылат.

Чечим:

1.Балдарга "Өспүрүмдөр арасында кылмыштуулукту алдын алуу"боюнча түшүндүрүү иштери ар бир класс жетекчиге милдеттендирилсин.

2. Мектепте,коомдук жайларда өзүн туура алып жүрүү жагы, башкаларга көмөк көрсөтүү жагы ар бир окуучуга милдеттендиридсин.

3.Окуучулардын арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, тарбия завучу менен соцпедагогко милдеттендирилсин.

Мектеп директору: Жээнбаев.К.Б.

Соцпедагог: Базаркулова.Г

Сканировано с CamScanner